**БЕКИТЕМ**

**ОшМУнун ЭББПКнын директору**
**_____ К.А. Рамашов**
**«____»__________2022-жыл.**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

**1.1.** Бул кызматтык көрсөтмө университеттин Уставынын жана колледждин Жобосунун негизинде иштелип чыкты.

**1.2.** ОшМУнун Эл аралык билим берүү программалары колледжинин окутуучусу ОшМУнун жумушка кабыл алуу боюнча ички эрежелеринин негизинде эмгек келишиминде көрсөтүлгөн мөөнөткө чейин директордун макулдугу окуу жайдын ректору тарабынан дайындалат жана бошотулат.

**1.3.** Колледждин окутуучусунун өздүк иш кагаздары окутан (иштеген кызматы) адистиги боюнча ОшМУнун кадрлар бөлүмүнүн талаптарына керек.

**1.4.** Колледждин окутуучусу иш-аракеттерин жүргүзүүдө тиешелүү бөлүмдүн же ПЦКнын башчысына баш ийет баш ийет.

**1.5.** Колледждин окутуучусу өзүнүн иш-аракетинде Кыргыз Республикасынын Конститутциясын, КР укуктук-ченемдик актыларын (анын ичинде билим берүү, тарбия, эмгекти коргоо жана техникалык өрт коосуздугун алдын алуу), андан сырткары ОшМУнун Уставына, Кадрлар бөлүмдөрүнүн чечимдерин, окуу жайдын ички ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алат.

**1.6.** Колледждин окутуучусу балдар укуктары жөнүндөгү Конвенцияны сактайт.

## 2. МИЛДЕТТЕРИ

**Колледждин окутуучусунун иш-аракеттеринин негизги багыттары болуп:**

**2.1.** Колледжде бөлүмдө, ПЦКда билим берүү (окуу-тарбиялык) иштерин уюштуруу;

**2.2.** Колледжде бөлүмдө, ПЦКда техникалык-коопсуздук эрежелерин жана ченин сактоо.

## 3. КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИ

**Колледждин окутуучусу төмөнкү кызматтык милдеттерди аткарат:**

Сканировано с CamScanner

3.1. Колледждин окутуучусу кызматтык милдеттерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана окуу жайдын уставын, колледждин жобосун жалпы жетекчиликти алуу менен ишке ашырат;
3.2. Студенттерди окутууну мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жүргүзөт;
3.3. Иш-аракеттерин жүргүзүүдө бөлүм же предметтик циклдык комиссия (мындан ары-ПЦК) башчыларына баш ийет жана алардын ыйгарым укуктарынын негизинде берилген ташырмаларын аткарат;
3.4. Баардык сабактын түрлөрүндө окуу жана окуу-методикалык иштерди уюштурат жана өткөрөт;
3.5. Окуу пландарынын жана программаларынын аткарылышын камсыздайт;
3.6. Студенттердин мамлекеттик билим берүү стантарттарынан төмөн эмес дэңгээлдеги окуу программаларын өздөштүрүүсүн камсыздайт;
3.7. Окутуунун натыйжалуу формаларын, ыкмаларын жана каражаттарын анын ичинде жаңы билим берүү технологияларын, маалыматтык, иновациялык технологияларды пайдаланат;
3.8. Билим берүү жараянын жакшыртуу боюнча сунуштарды жетекчиликке сунуштайт;
3.9. Колледждин педагогикалык жана башка кеңештеринин иш-чараларына катышат жана кабыл алынган чечимдердин тиешелүүлүгүнө жараша аткарылышын камсыздайт;
3.10. Бекитилген тайпанын куратору катары тийиштүү тайпанын студенттери жана алардын ата-энелери, мыйзамдуу өкүлдөрү менен тыгыз байланышта иш жүргүзөт;
3.11. Зарылчылыкка байланыштуу студентке жеке сабактарды өтөт;
3.12. Студенттердин инсандыгын, талантын жана жөндөмүн өнүктүрүүгө, алардын жалпы маданиятынын калыптанышына көмөк көрсөтөт, аларды тарбиялоодогу социалдык чөйрөнү кеңейтүүгө аракеттенет;
3.13. Ар дайым өзүнү кесипкөйлүк деңгээлин жана квалификациясын жогорулатуу боюнча аракеттенет;
3.14. Студенттерде өз алдынчалуулукту, окууга чыгармачыл мамиле жасоону өнүктүрөт, адеп-ахлактуу жүрүм-турум эрежелерин калыптандырат;
3.15. Бөлүмдүн, ПЦКнын алдына коюлган максаттарга жана тапшырмаларга жетишүү үчүн кошумча кызматтык милдеттерди аткарат;
3.16. Келечекте бүтүрүүчүлөр кесиптик иш-аракеттеринде ийгиликтерди камсыздоосу үчүн студенттерге компетенттүүлүктүн негизги компоненттерин калыптандыруу үчүн шарттарды түзөт;
3.17. Педагогикалык этиканын ченин сактайт;
3.18. Эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугунун эрежелерин сактайт.
3.19. Студенттерге карата эмоциналдык, физикалык жана психикалык зомбулук көрсөтүү менен байланышкан тарбиялоого жол бербейт.

Сканировано с CamScanner

3.20. Колледждин стратегиясын, максаттарын жана милдеттерин аныктоого катышат;
3.21. Бөлүмдөгү эмгек жамаата басмырлоодон жана куугунтуктан алыс болгон инклюзивдүү иш чөйрөсүн түзүүгө салым кошот. Кесиптештеринин чыгармачылык демилгесин кубаттайт жана стимулдайт, коллективде жагымдуу моралдык-психологиялык климаттын сакталышына кам көрөт;
3.22. Билим берүү ишин лицензиялоого, колледжди мамлекеттик аттестациядан жана аккредитациядан өткөрүү жана уюштуу иштерине катышат;
3.23. Колледждин директорунун макулдугу менен баардык мекемелерде жана уюмдарда колледждин имиджин калыптандыруу жана өркүндөтүү боюнча аракеттерди ишке ашыра алат. Кызыктар тараптар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү жана кызматташтыкты жолго коет;
3.24. Колледждин педагогикалык кеңешинин ишине катышат.
3.25. Коледждеги, бөлүмдөгү, ПЦКдагы окуу-материалдык, техникалык базанын аяр колдонулушуна, сакталышына аракеттенет, өзүнө тиешелүү иш кагаздарын талаптагыдай жүргүзүлүшүн камсыз кылат жана сакталышына кам көрөт;
3.26. Колледждин бөлүмүндө, ПЦКда өткөрүлгөн жыйналыштарга катышат жана берилген тапшырмалардын аткарылышын камсыздайт;
3.27. Университеттин жана колледждин узак мөөнөттүү стратегияларынын алкагында академиялык саясатты жана демилгелерди өнүктүрүүгө салым кошот;
3.28. Белгиленген тартипте университетке абитуриенттерди кабыл алуу, кесипке багыт берүү иштерине катышат;
3.29. Билим берүү программаларын түзүүгө катышат;
3.30. Окуу жараянын жеңилдеткен технологиялык программаларды жана системаларды колледждин окуу жараянына кийирүүнү сунуштайт;

## 4. КОШУМЧА ЖҮКТӨЛГӨН МИЛДЕТТЕР

**Бөлүмдүн усулдук иштери боюнча жооптуу кызматкердин кошумча милдеттери жана укуктары:**

4.1. Ар бир академиялык жылдын башында ОшМУнун сапат департаментинен берилген иш пландын негизинде колледждин анын ичинде котормо иши: англис тили бөлүмү үчүн усулдук иш планды иштеп чыгуу.
4.2. Усулдук иштер боюнча жооптуу кызматкер бөлүмдүн окутуучуларынын жыл ичинде өтүлүүчү ачык сабактарынын графигин түзөт жана колледждин усулдук иштер боюнча директордун орун басарына билдирүү берет жана дирекция тарабынын бекиттирет.

Сканировано с CamScanner

4.3. Академиялык окуу жылдын ичинде ар бир жаш окутуучуга насаатчы, устат дайындайт.
4.4. Сапаттуу билим берүүнү өркүндөтүү максатында окутуучулардын ачык сабактарды өтүлүүсүн көзөмөлдөйт жана үзгүлтүккө учураткан окутуучулар жөнүндө бөлүм башчыга билдирүү берет.
4.5. Усулдук семинарлардын графигин түзөт, өтүлүүсүн координациялайт жана катышуучуларды көзөмөлдөйт.
4.6. Академиялык окуу жылдын ичинде өтүлгөн баардык отурумдардын усулдук маселелерин протоколдоштуруп, чечим чыгарат.
4.7. 1-курстар боюнча академиялык окуу жылдын башында жана аягында диагностикалык жана аналитикалык мониторинг жүргүзөт.
4.8. Бөлүмдө учурдук аралык текшерүүлөрдүн уюштурулуп өткөрүлүшүн координациялайт.
4.9. НББПнын түзүлүшүнө анализ жүргүзүү жана билим берүүнүн сапатына ички баа берүүгө карата ички жана тышкы стейкхолдерлер үчүн анкета жүргүзөт.
4.10. Бөлүмдө өз ара сабактарга катышууну жана тажрыйба алмашуу, окуу процессиндеги компетенттүүлүк масалелерин жолго коюлушун көзөмөлдөйт.

## 5. УКУГУ

**Коллеждин окутуучулары өз компетенциясынын чегинде укуктуу:**

5.1. Ар-намысын, кадыр-баркын коргоого.
5.2. Колледждин жобосунда белгиленген тартипте, коллеждин башкаруусуна катышууга;
5.3. Университеттин жана коллеждин ичиндеги шайлануучу кызмат орундарына мыйзамдарда жана ички ченемдик актыларда белгиленген тартипте шайланууга жана шайлоого;
5.4. Колеждин администрациясынын чечимдерине карата КР мыйзамдарында көрсөтүлгөн чектерге даттанууга;
5.5. Окуу жараянында жогорку сапаттык көрсөткүчтү камсыз кылуучу ыкмаларды жана окуу куралдарды тандоого.
5.6. Коллеждин, бөлүмдүн, ПЦКнын ишин жакшыртуу, окуу сапатын жогорулатуу боюнча сунуш пикирлерин жетекчиликке билдирүүгө;
5.7. Окуу жараянын үзгүлтүккө учураткан жоосунсуз жоруктары үчүн студенттерди колледждин жобосунда жазалоо жөнүндө белгиленген тартиптеги эрежелер боюнча дисциплинардык жоопкерчиликке тартууга коллеждин директоруна же бөлүм, ПЦК башчыларына сунуштоого;
5.8. Студенттердин катышуусун, тартибин көзөмөлгө алууга, аудиторияларда ички тартип эрежелерин сакталышын камсыз кылуу үчүн кошумча чараларды көрүүгө укуктуу.

Сканировано с CamScanner

## 6. ЖООПКЕРЧИЛИГИ

**6.1.** Колледждин окутуучусу окуткан дициплинанын түрүнө карата окуу сапатынын төмөндүгүнө, сабактарды начар өздөштүрүүсүнө, тартибине, өзүнүн окуу планына жана окуу процессинин графигине ылайык билим берүү программаларынын ишке ашпай калуусуна (окуу программасындагы көрсөткүчторго жетпей калган учурларда), тийиштүү иш-кагаздарынын жоктугуна же толук эместигине, окуу учурунда студенттердин жана мекеменин башка кызматкерлеринин укуктары менен эркиндиктеринин тийиштүү кызматкер тарабынан (кол койгон) бузулушуна жоопкерчилик тартат;

**6.2.** Колледждин жобосун жана ички эмгек тартибин, башка жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды жүйөлүү себепсиз аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн колледждин окутуучусу эмгек мыйзамдарында белгиленген тартипте дисциплинардык жоопкерчиликке тартылат;

**6.3.** Студенттин инсандыгына физикалык жана психикалык зомбулук көрсөтүү менен байланышкан тарбиялоонун, ошондой эле башка адеп-ахлаксыз жорук жасагандыгы үчүн колледждин окутуучусу ээлеген кызматынан эмгек тартибине ылайык бошотулушу мүмкүн. Бул жосунсуз жорук учун иштен бошотуу дисциплинардык жоопкерчилик чарасы болуп саналбайт;

**6.4.** Өрт коопсуздугунун, эмгекти коргоонун, окуу жараянын уюштуруунун санитардык-гигиеналык эрежелерин бузгандыгы үчүн колледждин окутуучусу административдик мыйзамдарда каралган тартипте жана учурларда административлык жоопкерчиликке тартылат.

**6.5.** Кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын сакталышы үчүн толук жоопкерчилик тартат.

**Тааныштым, макулмун:** ЭББПКнин „Котормо иши:англис тили бөлүмүнүн окутуучусу: Исанова Элмира

“___” __________________ 2022- жыл.

**Макулдашылды:**

ЭББПКнын “Котормо иши: англис тили” бөлүмүнүн башчысы: Ахунжанова Ж.И.

ЭББПКнин профсоюзу: Бекназаров С.

Сканировано с CamScanner